других этносов с древних времен и роль художественной литературы в контексте упомянутых выше проблем остается до сих пор актуальной.

## Список литературы:


1. **Козлова, А.Г.** Воспитание этнотолерантности подростка в семье [Текст] / А.Г. Казлова. – СПб: Нестор, 2005. – 316 с.
2. **Дякиева, Б.Б.** Развитие национально-регионального образования Республики Калмыкия (организационно-управленческие) аспекты [Текст]: дис. ... док. пед. наук / Б.Б. Дякиева. - Владикавказ: Элиста, 2009. - 48с.
3. **Мамырова, М.И.** Педагогические условия формирования ценностный ориентаций[Текст] / М.И. Мамырова // Бишкек – 2019.
4. **Поштарева, Т.В.** Формирование этнокультурной компетентности учащихся в полиэтнической образовательной среде: студентов средствами народных традиций[Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук / Т.В.Поштарева. – Владикавказ, 2009**.**
5. **Султанова, А.Я.** Развитие этнокультурной компетенции студентов вуза средствами национальной культуры во внеаудиторной деятельности [Текст] / А.Я. Султанова. - Бишкек, 2020.
6. **Абдулахамидова, Б.Н.** Психолого-педагогические принципы воспитания детей на этнокультурной основе [Текст] / Б.Н. Абдулахамидова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2014. - №3. – С. 141 – 144.
7. **Калматова, Г.М.** Формирование ценностных ориентаций в образовательном пространстве вуза [Текст] / Г.М. Калматова // Наука. Образование. Техника. - Ош: КУУ, 2015. - №1. - С. 103 - 107.
8. **Ызабекова, Д.А.** Профессионально-ориентированное обучение художественной литературе студентов, обучающихся по специальности педагогика в спузах [Текст] / Д.А. Ызабекова // Наука. Образование. Техника. - Ош: КУУ, 2017. - №2. – С. 84 – 88.


Поступила в редакцию: 16.01.2024 г.

**УДК: 378.22**

***Жакиева С.***
*преп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

# БОЛОЧОК ИНФОРМАТИКА МУГАЛИМИ: ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКА ЖАНА КОММУНИКАТИВДИК КОМПЕТЕНЦИЯНЫ КАЛЫПТАНДЫРУУ МАСЕЛЕСИ

*Изилдөөнүн предмети болуп болочок информатика мугалиминин педагогикалык практикасы жана коммуникативдик компетенцияны калыптантыруусу болуп саналат. Изилдөөнүн максаты – болочок информатика мугалиминин педагогикалык практикасы учурунда коммуникативдик компетенциясын калыптандыруусун аныктоо. Изилдөөдө талдоо жана жалпылоо методдору колдонулган. Жыйынтыгында жогорку окуу жайды аяктаган көпчүлүк бүтүрүүчүлөр мугалим катары өзүнүн предметинен мыкты даярдыкта келгени менен мектепте башкалар менен мамилелешүүдө кыйналышаары жазылды. Коммуникативдик көндүмү жок мугалим мамилелешүүнү авторитардык стильде, негативдүү формада кабыл алышып, башкалар менен диалогго бара алышпай кыйналышаары белгиленди. Же тескерисинче башкалардын үстөмдүгүнө өзүнүн эркин баш ийдирип, бардык мүмкүнчүлүктөрүн, каалоолорун ишке ашырууда проблемалар жаралаары айтылды. Демек, жогорку окуу жайдан баштап эле болочок мугалимди даярдоодо анын коммуникативдик көндүмүн калыптандыруу негизги маселе экендиги көрсөтүлдү. Ошол себептүү болочок информатика мугалимин профессионал адис катары даярдоодо анын коммуникативдик билгичтик, көндүмдөрүн калыптандырууну ишке ашыруу үчүн илимий жактан негизделген иштер учурдагы педагогикада актуалдуу проблемалардын бири экендиги баса белгиленди. Алынган илимий жыйынтыктарды болочок информатика мугалими жана ага педагогикалык практика мезгилинде жетекчи болгон усулчу окутуучулар колдонууга болот.*

***Негизги сөздөр:*** *информатика мугалими; болочок адис; коммуникативдүүлүк; компетенция; баарлашуу; мамилелешүү; даярдык.*

# БУДУЩИЙ УЧИТЕЛЬ ИНФОРМАТИКИ: ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ПРАКТИКА И ПРОБЛЕМА ФОРМИРОВАНИЯ КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ

*Предметом исследования является педагогическая практика будущего учителя информатики и формирование коммуникативной компетентности. Цель исследования – определить формирование коммуникативной компетентности будущих учителей информатики в процессе педагогической практики. В исследовании использовались методы анализа и обобщения. В результате было написано, что большинство выпускников, окончивших вуз, несмотря на хорошую подготовку по своему предмету как учителя, испытывают трудности во взаимодействии с другими людьми в школе. Отмечено, что педагог без коммуникативных навыков воспринимает общение в авторитарном стиле, в негативной форме, не способен вести диалог с другими. Или, наоборот, говорилось, что возникнут проблемы с реализацией всех своих возможностей и желаний путем подчинения своей воли господству над другими. Таким образом, было показано, что формирование коммуникативных навыков является основным вопросом подготовки будущего учителя с начала получения высшего образования. В связи с этим было подчеркнуто, что научно обоснованная работа по реализации формирования его коммуникативных знаний и умений при подготовке будущего учителя информатики как профессионального специалиста является одной из актуальных проблем современной педагогики. Полученные научные результаты могут быть использованы будущим учителем информатики и преподавателями-методистами, которые будут руководить им в период педагогической практики.*

***Ключевые** слова**:** учитель информатики; будущий специалист; коммуникативность; компетентность; общение; взаимоотношения; подготовка.*

# FUTURE COMPUTER SCIENCE TEACHER: PEDAGOGICAL PRACTICE AND THE PROBLEM OF FORMING COMMUNICATIVE COMPETENCE

*The subject of research is the pedagogical practice of future teachers in informatics and the formation of communicative competence. The purpose of the study is to determine the formation of communicative competence of future teachers of informatics in the process of pedagogical practice. The method of analysis and generalization was used in the study. As a result, it was written that the majority of university graduates, despite good training in their subject as teachers, experience difficulties in interacting with other people at school. It is noted that a teacher without communicative skills perceives communication in an authoritarian style, in a negative form, and is not able to conduct a dialogue with others. Or, on the contrary, it was said that there were problems with the realization of all one's potential and desires by subordinating one's will to domination over others. Thus, it was shown that the formation of communicative skills is the main issue of training the future teacher from the beginning of higher education. In this regard, it was emphasized that the scientifically based work on the implementation of the formation of his communicative knowledge and skills in the preparation of the future teacher of computer science as a professional specialist is one of the urgent problems of modern pedagogy. The obtained scientific results can be used by the future teachers of computer science and teachers-methodologists who will lead them in the period of pedagogical practice.*

***Key words:** computer science teacher; future specialist; communication skills; competence; communication; relationships; preparation.*

Учурда болочок мугалимдерди, анын ичинде информатика мугалимдерин, профессионалдык жактан даярдоого талаптар күчөп, болочок мугалимдин педагогикалык чеберчилигин, компетенттүүлүгүн, эрудициясын, интеллектуалдык жана жалпы маданий сапаттарынын калыптанышы зарыл экендиги ачык болду. Бул өзгөчө Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын өнүктүрүүгө карата кабыл алынган бир нече документтерден: 2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Программасынын (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майынагы № 200 Токтому), Кыргыз Республикасынын Мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-июлундагы № 393 Токтому) жана ушул сыяктуу документтердин мазмунунан улам көрүндү [2; 9].

Болочок информатика мугалимдеринин даярдыгынын сапаты боюнча маселе учурдагы Кыргызстандын жалпы билим берүүсүн санариптештирүү шартындагы негизги маселелердин

бири болуп саналат. Себеби, санариптештирүүнүн эффективдүүлүгү мугалимдин информациялык технологияны колдонуу даярдыгынан, жаңы методдорду, ыкмаларды, каражаттарды рационалдуу пайдалана билүү жөндөмүнөн жана окуучу, ата-эне, коомчулук менен мамилелеше билүү көндүмүнөн көз каранды [12].

Учурда мектеп өзүнүн чыгармачылыгы менен иштеген, демилгелерди көтөрө билген, коммуникациялык технологияны пайдаланып, башкаларга үйрөтө билген жана өзүн-өзү билимин жогорулатуунун үстүндө иштей билген мугалимдерди талап кылат [11]. Мындай талаптарга жооп берүү үчүн болочокто мугалим боло турган студентте эле таанып-билүү ишмердүүлүгү, конструктивдүүлүгү, долбоордук, уюштуруучулук ишмердүүлүгү, коммуникативдүүлүгү сыяктуу билгичтик, көндүмдөр калыптануусу зарыл. Болочок мугалимде предметтик даярдыгы абдан мыкты деңгээлде болсо да коммуникативдик билгичтигисиз өзүнүн ишмердүүлүгүн эффективдүү алып кетүү кыйынчылыкка турат. Билим берүүнү санариптештирүүнүн азыркы шартында традициялык педагогикалык ыкмаларды колдонуу жетишсиз болуп калды. Мугалим окутуунун жаңыча сапаттык деңгээлине чыгууда мугалимдикке даярдануу мезгилинен баштап жаңыча даярдыкка ээ болушу керектиги маселеси күч алды.

Бул өз кезегинде КР Билим берүү жана илим министринин 2021-2024-жж. планындагы мугалимдер үчүн бөлүмүндө жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 Жарлыгы менен бекитилген 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп кыргыз жарандарынын өзүн таануусун өнүктүрүү Концепциясындагы талаптарга да туура келет [1].

Буга чейин болочок мугалимдерди даярдоо жана педагогикалык багыттагы студенттерди даярдоо боюнча кыргыз окумуштуулары Н.К.Дюшеева, К.М. Торогельдиева, Г.К. Казиева, В.Т. Исакова, А.А.Жолчиева, А.К. Умирбекова, А.К. Чалданбаева, С.А. Ткачева, Р.А.Рыскулова, А.Т. Аттокуров, З.А. Смадиярова, А.Ч. Омаралиев ж.б. изилдешкен болсо, орус окумуштуулары И.В. Воронинанын, Г.Д. Гаджиева, И.И.Зарецкая, А.Н. Сергеевдин, Котованын, Р.М. Магомедов, И.А. Петрованын, А.А. Ляштын, О.С. Марковичтин, Н.М. Якимчук, И.В. Баландинанын жана башкалардын эмгектери болочок информатика мугалимдерин даярдоого арналган. Ал эми казак окумуштуулары да С.А. Абдрасилова, А.Д. Онгарбаева, К.Т. Алдияров, Е.Ы. Бидайбеков, Ж.К.Аккасынова, ж.б. болочок информатика мугалимдерин даярдоо маселелерине көңүл бурушкан.

Мугалимдин коомчулук менен мамилелеше билүү көндүмүнөн анын коммуникативдик компетенциясы калыптанат. Коммуникативдик көндүм – мугалимге өзүнүн профессионалдык функциясын жогорку деңгээлде ишке ашырууга негиз болуп берүүчү шарт катары жана коомчулукта өзүнүн кадыр-баркын адис катары жеткиликтүү деңгээлде көрсөтө алуучу педагогикалык көрсөткүч болуп саналат.

Жогорку окуу жайды аяктаган көпчүлүк бүтүрүүчүлөр мугалим катары өзүнүн предметинен мыкты даярдыкта келгени менен мектепте башкалар менен мамилелешүүдө кыйналышат. Коммуникативдик көндүмү жок мугалим мамилелешүүнү авторитардык стильде, негативдүү формада кабыл алышып, башкалар менен диалогго бара алышпай кыйналышат. Же тескерисинче башкалардын үстөмдүгүнө өзүнүн эркин баш ийдирип, бардык мүмкүнчүлүктөрүн, каалоолорун ишке ашырууда кыйналышат.

Ошол себептүү болочок мугалимдерди педагогикалык практика уурунда коммуникативдик жөндөмдөрүн калыптандырууга басым жасоо керек.

Коммуникативдик көндүмдөр мектепте педагогикалык практикада бекемделет жана өркүндөтүлөт. Бул мектептеги окуучулардын өз алдынча иштөөсүнүн биринчи аракети жана бир түрү. Болочок мугалимдин өсүүсү анын ийгилигинен көп жагынан көз каранды [1; 2].

Практикалык сабактар жана тарбия иштери практиканын негизги максатын – студенттердин баарлашуу көндүмдөрүн бекемдөө жана коммуникативдик маданиятын жогорулатууну көздөйт. Класс жетекчинин ишинин мазмуну салттуу түрдө белгиленген функциялар жана милдеттер менен аныкталат.

Студенттердин практикалык иштерин баалоо критерийлеринин бири баарлашуунун сапаты. Студенттердин практикалык иштеринде алардын коммуникативдик сапаттарын калыптандыруу үчүн атайын чакан эксперименталдык иштер жүргүзүлгөн (Кыргыз-Өзбек университетинин базасында).

Практиканын биринчи жумасында студенттер мектеп, окуучулар, мугалимдер жамааты менен таанышып, иштеши керек болгон класста сабакка барышат. Негизги максаты мугалимдин окуучулар менен баарлашуу стилин изилдөө.

Практиканын эң башында студенттерге класс жетекчиси менен талкуулоо үчүн суроолор берилет:

- Балдар менен баарлашууда мугалим кандай жеке сапаттарга ээ болушу керек?
- Окуучулар менен баарлашуу үчүн мугалимге кандай коммуникациялык көндүмдөр керек?
- Мектеп окуучуларын этикет эрежелери менен тааныштыруу үчүн класстык сааттар жана жалпы мектепте иш-чаралар өткөрүлөбү?

Мугалимдердин сабактарына катышууда студенттер мугалимдин окуучулар менен болгон баарлашуусун байкап, баарлашуунун мүнөзүн талдап, баарлашууда колдонулган ийгиликтүү ыкмаларды жана баарлашууда мугалимдин жеке сапаттарын өнүктүрүүнү белгилешет. Мугалимдердин баарлашуу маданиятына байкоо жүргүзүү жана талдоо менен студенттер терс окуяларды гана эмес, эффективдүү баарлашуунун үлгүлөрүн да аныкташты, баарлашууну оңдоонун конструктивдүү жолдорун аныкташат.

Байкоо тапшырмасы байкоону анализдөөнүн мазмунун аныктаган суроолордун тизмегин камтыган: мугалимдин сүйлөгөн сөзү канчалык экспрессивдүү (ритмди, интонацияны өзгөртүү, зарыл жана өз убагында пауза жасоо жөндөмдүүлүгү; сүйлөө ылдамдыгы: тез, жай, орточо)? Мугалим класс менен учурашканда жана коштошкондо кандай ыкмаларды колдонгон? Мугалим сабакта колдонгон негизги сүйлөө (вербалдык) этикет формулаларын атагыла; мугалимдин жаңсоолору канчалык ылайыктуу жана табигый; Кандайдыр бир ызы-чуу же толкундануу барбы? Мугалим көңүл буруу жана кубаттоо үчүн кандай жаңсоолорду колдонот?

Сабак учурунда мугалимдин коммуникативдик ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүүдө студенттер достук тонду жана этикеттик формулаларды колдонууну белгилешкен.

«Салам», «Кош бол» сөзүн 80,5% колдонушат. Мугалимдер бардык сабактарда окуучулар менен учурашышат, бирок сабак аяктагандан кийин 61,4%ы гана коштошот (сылык-сыпаалык формулалары менен 42,7% жана жаңсоо менен 18,7%). Көпчүлүк учурда жестикуляция табигый жана ылайыктуу: сүйлөп жаткан окуучуга көңүл буруу тиктөө аркылуу берилет (50,3%); ыраазычылык, ырастоо, кубаттоо - башын ийкеп коюу (58,4%); жактырбоо, тыюу салуу, макул болбоо мимика жана токтоо жаңсоолор (68,3%) менен айтылат.

Кээ бир сабактарда окуучулардын көңүлүн буруу үчүн этикага жатпаган ишараттар байкалган (мугалим столду тыкылдатат, сөөмөйүн булгалайт). Бир катар мугалимдер баарлашууда аралыкты бузушат (окуучуга жакын келгенде, жеңинен чыгарышат). Окуучу

сабакта алаксып калганда да этикет сакталбайт, мындай учурда мугалим кыйкырып же катуу үн менен эскертүү жасайт. Мугалимдердин сабактарын талдоо менен студенттер баарлашууда этикеттин эрежелерин колдонуу канчалык зарыл экендигине дагы бир жолу ынанышкан.

Иш жүзүндө этикет эрежелерин камтыган сабактар өткөрүлгөн. Маселен, «Лидерлер турнири», «Сыйлыктардын өлкөсүнө саякат», «Биз жана театр» ж.б. Окуучулар менен иштөөдө студенттер театрлаштыруу ыкмаларын колдонушуп, сценкаларды, сынактарды, викториналарды көрсөтүшкөн. Болочок мугалимдер коммуникативдик маданияттын билимдерин жана көндүмдөрүн чыгармачылык менен колдоно билүүнү көрсөтүшкөн. Ошентип, окуучулардын ишеними жогорулайт, студенттердин өз алдынчалык деңгээли жогорулайт.

Студенттердин коммуникативдик маданиятын максаттуу калыптандыруунун натыйжасында гана жетишүүгө мүмкүн болгон жүрүм-турумду кайра жаратуудан коммуникативдик чыгармачылык өзгөрөт [6; 8].

Студент үчүн практиканын биринчи жумалыгынын натыйжасы класс менен калыптанган мамилеси, чакан педагогикалык жамаат жана чоңдордун чөйрөсү мектеп окуучуларынын билимине кандай таасир эткенин так түшүнүү болушу керек.

Окуучулардын ар бири өзүнүн индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүнө ылайык, класстагы мамилелердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен мектеп окуучуларынын баарлашуусуна таасир этүүгө мүмкүндүк берген позицияны ээлеши керек. Жуманын аягында окуучулар мугалимге отчет беришет. Бул отчеттор мугалимдин жетекчилиги жана көзөмөлү астында жүргүзүлүп жаткан студенттин баарлашуу тажрыйбасына жекече талдоо, аны жакшыртуунун жолдорун издөөгө айланат. Кийинки жумалардын милдети: баарлашуунун шарттарын изилдөөдөн баштап баарлашуу практикасына чейин уланат.

Окуучулардын балдар, мугалимдер, ата-энелер менен болгон байланышы тез-тез болуп, кээде каталар кетирилип, карама-каршылыктар аныкталып, натыйжалуу коммуникативдик ыкмаларын активдүү издөө, баарлашууда өзүнүн ролун аныктоо, өзүнүн потенциалдуу коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн аңдап билүү байкалат. Бул учурда эксперименталдык топтун студенттери менен баарлашуу көндүмдөрүн үйрөтүүгө, вербалдык эмес коммуникативдик каражаттарын интерпретациялоого жана колдонууга, активдүү угуу көндүмдөрүн жана башка адамды кабыл алууга багытталган коммуникативдик тренинг өткөрүлөт.

Практиканын акыркы жумасында студенттердин өз алдынчалыгы жогорулайт. Практикалык сабактардын саны кыскарат. Иштин негизги түрлөрү болуп келечектеги мугалимдердин баарлашуу жана тарбиялык ишмердүүлүгү саналат. Тапшырмаларда өз алдынча отчет берүү жана өзүнүн коммуникативдик ишмердүүлүгүн талдоо түрүндөгү жеке консультациялар басымдуулук кылат. Практиканын бул этабында студенттердин баарлашуу көндүмдөрүн диагностикалоо, коммуникативдик маданияттын деңгээлин аныктоо жана практиканын максаттарына жетүүнүн көрсөткүчү катары коммуникативдик көндүмдөрдүн өнүгүү динамикасын аныктоо өзгөчө орунду ээлейт.

Практикалык ишмердүүлүк процессинде студент өзүнүн байланыш чөйрөсүн кеңейтет: мугалим, студенттер, курсташтары, методисттери менен белгилүү карым-катнаштарга кирет. Бул студентке өзүн жакшыраак таанып-билүүгө, микрогруппадагы ролун аныктоого, өзүнө ишеничтүү болууга, жолдошторунун эмгегин баалоого, өз пикирин коргоого мүмкүндүк берет [5].

Ошол эле учурда мектептеги практика студенттин өзүнө мугалимге коюлган кесиптик талаптар жөнүндө реалдуу идеяларды алууга жана алар менен өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн

жана жеке сапаттарын байланыштырууга, өзүнүн кесиптик өнүгүүсүн аң-сезимдүү пландаштырууга мүмкүндүк берет.

Коммуникативдик компетенттүүлүк, адатта, адамдар менен зарыл болгон байланыштарды түзүү жана жүргүзүү жөндөмүн билдирет. Коммуникативдик компетенттүүлүктүн курамына коммуникативдик процесстин эффективдүү агымын камсыз кылуучу билимдердин, көндүмдөрдүн жана көндүмдөрдүн белгилүү бир жыйындысы кирет. Компетенттүүлүктүн бул түрү коммуникация чөйрөсүн кеңейтүү (же тарытуу) жана анын тереңдигин өзгөртүү (ишенимдин ар кандай деңгээлдеринде баарлашуу жөндөмдүүлүгү), байланыш өнөктөштөрү тарабынан түшүнүү жана түшүнүктүү болуу жөндөмүн болжолдойт.

## Жыйынтыктар:

1. Коммуникативдик компетенттүүлүк – адамдардын тикелей өз ара аракеттенүүсүнүн шарттарында калыптанган жана активдештирилген адамдардын ортосундагы баарлашуунун өнүгүп келе жаткан жана негизинен аң-сезимдүү тажрыйбасы. Коллективдүү түрдө калыптанган жана ишке ашырылган менен, инсандар аралык тажрыйба жеке болуп саналары белгиленди;

2. Коммуникативдик компетенттүүлүктү бул социалдык-психологиялык сапаттын социалдык мүнөзүнө көңүл бурбай, жабык индивидуалдык тажрыйба катары элестетүү да туура эмес. Ошол себептүү болочок информатик мугалиминде коммуникативдик компетенттүүлүк педагогикалык практика учурунда эле калыптанууга тийиши экендиги аныкталды;

3. Болочок мугалим мектепке коммуникативдик компетенциясы калыптанган даярдык менен баруусу зарыл. Анын себебин мугалимдин бала менен баарлашуусун, ата-энелер менен мамилелешүүсүн, коллектив менен алака мамиледе болуусун, социалдык коомго адаптацияланиуусун жана башка ушул сыяктуу себептер менен түшүндүрүүгө болот.

## Адабияттар тизмеси:


1. 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп кыргыз жарандарынын өзүн таануусун өнүктүрүү Концепциясы. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://president.kg/news/all/24167
2. 2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Программасы. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/158227?refId=1070465
3. **Абайханов, А.Р.** Актуальные проблемы гуманитарных наук: история и современность[Текст]/ А.Р.Абайханов // коллективная монография. – Москва, 2018.
4. **Абдурахманова, П.Д.** Личность в современной реальности: педагогические, психологические, лингвистические, правовые аспекты[Текст] / П.Д.Абдурахманова // коллективная монография. – Москва, 2018.
5. **Гаджиева, П.Д.** Педагогическая практика как необходимое условие развития коммуникативной компетентности студентов [Текст] / П.Д.Гаджиева, Р.В.Раджабова // Мир науки, культуры, образования. – Горно-Алтайск, 2018.- № 6 (73). – С. 261-262.
6. **Гаджиева, П.Д.** Формирование коммуникативной компетентности будущего учителя как педагогическая проблема [Текст] / П.Д.Гаджиева, Р.В.Раджабова // Мир науки, культуры, образования. – Горно-Алтайск, 2018.- № 6 (73). – С. 260-261.
7. **Дахин, А.Н.** Компетенция и компетентность: сколько их у российского школьника[Текст]/ А.Н.Дахин.- Народное образование.- 2014.- 4с.
8. **Зарецкая, И.И.** Коммуникативная культура педагога и руководителя[Текст] / И.И.Зарецкая // Директор школы.- 2014.- 4 с.
9. КР Мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты. [Электронный ресурс]. – Режим доступа: https://kao.kg/wp-content/uploads/2022/08/Госстандарт-393-от-22-июля-2022-к.pdf

10. **Онгарбаева, А.Д.** Методика подготовки пудущих учителей инфоматики к созданию электронных образовательных ресурсов [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук. / А.Д. Онгарбаева. – Бишкек, 2019. - 198 с.
11. **Ибирайым, к. А.** Мугалимдин методикалык даярдыгы жана информациялык технологияны колдонуу компетенттүүлүгү – мезгил талабы [Текст] / А. Ибирайым к. // Известия КАО.-Бишкек, 2015. - №2.– С. 63-69.
12. **Ибирайым, к. А.** Болочок адистерди даярдоодо информатиканы окутууну оптималдаштыруунун ролу[Текст] / А. Ибирайым к. // Известия КАО.–Бишкек, 2016. – №4(40).- С. 140-146.

Поступила в редакцию: 17.01.2024 г.